УДК: 659.131.33

Койлубаев К.К.

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

## ПОЭЗИЯ АКЫНДАРДЫКЫБЫ, ЖЕ ЫРЧЫЛАРДЫКЫБЫ?

*Бул макалада "акын", "ырчы" терминдерине карата иликтөө жүргүзүлүп, мурда айтылган пикирлерди кайсы бир тарабынан толуктаган ой-сунуштар жазылган.*

Кыргыз адабият таануу илиминде акындар чыгармачылыгынын изилдениши бирден-бир актуалдуу маселелердин катарын толуктайт. Алардын толук эмес түрдө болсо да, бизге жеткен чыгармаларына карата иликтөө иштеринин аз экендигин белгилөө менен, ал акындардын чыгармаларын жарыялоо XX кылымдын 20-жылдарында эле башталып, алардын көрүнүктүү өкүлдөрүнүн жеке чыгармачылыгын изилдөө иши 40-жылдарга туура келгендигин жана ал ошол учурдагы изилдөөнүн ийгилиги болгондугун айта кеткенибиз жөн.

Канткен менен, ал эмгектер абдан карама-каршылыктагы пикирлерди жаратып, айрымдары калыс баасын ала албай, тескерисинче, куугунтукка алынса, айрымдары ошол учурдун көз карашында акыйкаттан алыстап, саясатка баш ийдирилип жазылгандыгы маалым.

Буга өз мезгилиндеги идеологиянын терс жактары себеп болуу менен, адабият таануу илиминин ар тараптуу өнүгүшүнө терс таасирин тийгизгендиги анык. Советтик мезгилдин 80-жылдарынын акырынан тартып, коммунисттик партиянын идеологиясы тарабынан тыюу салынып келген кыргыз адабиятынын көптөгөн маселелерине, анын ичинде акындар поэзиясына карата акыйкат пикирлер айтылып да, жазылып, жарыяланып да келе жатат.

Ага карабастан дале болсо, тактоону талап кылган маселелер арбын экендигин танууга болбойт.

Мисалы, төкмө акындардын ырчылар, жазгыч акындардын жазгыч ырчылар деп аталышы. Акын сөзүнүн келип чыгышы боюнча бүгүнкү күнгө чейин эки көз караштагы пикир (1.«акунд» уйгурчадан которгондо акылман, эл башкарган, К.К.Юдахин. 2. "ак", "агын" деген этиш сөздөрдөн, В.Радлов, В.Бартольд, А.Маргулан ж.б.) бар жана ошол пикир аны иликтеген дээрлик бардык окумуштууларга негиз болуп келет. Бул багытта изилдөөчү П.Ирисов академик К.К.Юдахиндин «О киргизском термине акын» деген макаласындагы пикирге таянуу менен «акунд» сөзүнөн «акын» келип чыгып, «ырчы» аталышы менен катар колдонула баштагандыгын айтып: «Албетте, байыркы ырчы аталышы туура да, так да, ийкемдүү жана жагымдуу» экендигин белгилеп: «Качан гана кыргыз жергесине ислам дини таралганда, жазманы үйрөнгөн кыргыз ырчыларынын арасынан ырдаганын жазып алчу жазгыч ырчылар чыккан. Алар, айталы, Молдо Нияз, Тоголок Молдо, Молдо Кылыч сыяктуу ырчылар, негизинен, төгүп ырдаган ырчылар болуп, өз ырларын кагаз бетине түшүрүп, окуп берип таратышкан», - дейт.

Адабиятыбыздын тарыхынын негизги экинчи бөлүгү «Акындар поэзиясы», «Ырчылар поэзиясы», «Ырчылар чыгармачылыгы» деген аталыштарда синоним түрүндө да, өз-өзүнчө да колдонулуп келе жатат. Ал гана эмес, төкмө акындык менен аткаруучулукту (ырчылыкты) бирдей карап, чаташтырган айрым учурлар дагы кездешерин мына бул мисал айгинелейт: "Кыргыз эли Замирбек Үсөнбаевди төкмө акын катары К.Алмазбековдун "Кызыл Туу кыргыз кыздары" аттуу термеси жаралгандан бери билишет, таанышат. Андан бери акындык поэзиянын туруктуу салттарын идеялык-тематикалык жактан улантуу менен, З.Үсөнбаев онго жакын терме жаратып, аларды эл алдында ырдап жүрөт." Айтылган пикирден тактап коюучу нерсе бул жерде З.Үсөнбаев кыргыз элине акын катары таанылып жатабы, же аткаруучу катарындабы? Жазылган термени ырдап жаткан өнөрпозду кантип эле эл (өзгөчө кыргыздар) төкмө деп таанысын деген суроолор жаралат. Менимче, мындай пикирге төкмө акындын өзү З.Үсөнбаев дагы,

макул болбосо керек. Ырчы термининин такталбагандыгы акын да, ырчы да алдын-ала даярданбай, көз менен көргөндөрүн жана коомдук турмуштан баамдап байкагандарын тизмектүү ыр менен баяндап сүрөттөп айтып берүүгө дареметы жеткен адамдар болгондугу, бул эки терминдин ортосуна чек коюуга мүмкүн эместиги айтылган пикирлер да жок эмес.

Бул пикир XIX кылымдын орто ченинде кыргыз жергесинде болгон окумуштуу В. Радловдун жазып калтырганы да ушул көз караште экендиги менен бекемделет. Бирок ал окумуштуу ошол эле макаласында «Перед многочисленным собранием, понятно, не каждый киргиз решается выступать в качества певца, а только лишь одаренные способностью к ритмическому изложению, которые частными упражнениями усовершенствовались в этом искусстве. Этих людей называют почетным именем акын (певец) и многие из них пользуются громкою славою» деп да белгилегендигин айта кетүүбүз абзел. Жергебизде андан мурун эки жолу болгон казак агартуучусу, окумуштуу-фольклорист Ч. Валихановдун «О формах казакской поэзии» деген эмгегинде «акын» терминине төмөндөгүдөй атайын түшүндүрмө берилет: «Ахун» - титул указанного муллы, узаконенный царским правительством по уставу о сибирских киргизах. Этот термин нельзя смешивать с акыном, почетным названием народных певцов»

Сөз болуп жаткан терминдерге изилдөө жүргүзгөн окумуштуу Ж. Таштемиров казактардын жыршы, жырау, гректердин аэд, рапсод, түркмөндөрдүн бакшы, өзбектердин шайыр, орустардын сказитель, скоморох, француздардын трубадур деген аталыштарына токтолуп, ынанымдуу далилдерди келтирүү менен, «акын» терминине ыктайт. Ал эми окумуштуу К. Артыкбаев бул өңүттө төмөндөгүдөй пикирин билдирген: «Көчмөн элдердин, асыресе, нечен кылымдар бою жазма адабиятынын күчтүү традициясы болбой келген элдердин фольклорун жазма адабиятынын күчтүү традициясы болуп келген элдердин фольклору менен бирдей кароого болбойт».

Жогоруда айтылган окумуштуулардын пикирлерине таянуу менен, биз дагы акындар поэзиясынын «ырчылар поэзиясы», төкмө акындардын төкмө ырчылар, жазгыч акындардын «жазгыч ырчылар» деген аталыштарына макул эмес пикирдебиз. Анткени «ырчы» дегенде, эл оозунда көптөгөн доорлор айтылып, улам кийинки муундар ичинен чыккан таланттуу өнөрпоздор тарабынан бир канча ирет толукталган, же кыскартылган автору белгисиз болгон, өзөктүү мазмунунун эл билген, ыр түрүндөгү даяр чыгармаларды айтуучулар, аткаруучулар. Алар өздөрүнүн чыгармачылык шык дареметине, касиетине, жашоо тажрыйбасына, курчаган чөйрөсүнө, түзүлгөн кырдаал-шартка жараша элдик чыгарманын айрым бир бөлүгүн, сүрөттөөлөрүн өзгөртүп, күчтүү кылып, же элдин мурунку укканынан төмөнүрөөк сапатта айтышы мүмкүн. Ал эми төкмө акын (импровизатор) азыр көз алдыңда болуп жаткан жагдайды, кырдаалды, окуяны эч бир даярдыксыз кыйналбастан, ыр түрүндө баян кылары маалым. Бирок «төкмө акындар дагы элдик эпосторду аткарган да?»-деген собол ташталышы мүмкүн. Чындыгында эле, тубаса шыгы бар, жөндөмдүү, даремет касиетке эгедер жаш өнөрпоздордо алгач өздүк жеке чоң чыгармасы болбогондуктан жана угуучулардын каалоосуна байланыштуу өзүнөн мурунку акындардын чыгармаларын, элдик дастандарды үйрөнүп, аткарып, эл алдында машыгып, бул өнөргө каныгат. Көпчүлүк алдында жеке өзүнө гана тиешелүү болгон өзгөчөлүктөргө ээ чыгармаларды аткарган, элдик дастандарды жаңы варианттык деңгээлге көтөргөн, санат-насыят, термелерди жараткан, төкмөлүк өнөрдүн эң башкы сыноосу болгон (эл аралык) айтыштарда өзгөчөлөнгөн чыныгы кандим өкүлдөргө эл тарабынан акын деген наам ыйгарылган.

Бирок муну менен, ырчылардын чыгармачылыгын жокко чыгарууга болбойт. Элдик көркөм мурастарды сактоодогу, муундан-муунга жеткирүүдөгү, көпчүлүккө тааанытып жайылтуудагы зор эмгек аларга тийиштүү. Таланттуу ырчылар өзгөчө көркөм аткаруучулугу менен айырмаланышып, угуучуга эстетикалык рахат тартуулай алышат. Өздөрүнөн кийинки жаш ырчы, же болбосо, болочок акынга таасирин тийгизип, шыгын ойготууга жөндөмдүү болгон өзүнө тиешелүү бийик орду бар.

Анан калса, ырчы терминине синкреттүүлүк абдан мүнөздүү. Ырас эле, эпос-дастандарыбызда, санат-насыят, термелерде, макал-лакаптарда ырчы да, акын да бир эле мааниде колдонулуп, анын ичине акындык, аткаруучулук, айтуучулук, ырчылык, обончулук, салт жана башкалар сыйдырылат. Маселен, манасчылар да алгач ырчылар деп аталган. Ага таянып, биз бүгүнкү күндөгү манасчыларыбызды ырчылар деп атай албайт эмеспизби?

Демек, ушул сыяктуу эле төкмө акындарыбыздын түпкү терең маңызын дагы *ырчы* термини ачып бере албайт. Канткен күндө да, коомдун өсүп-өнүгүүсү синкреттүүлүктөн алыстап, андан бөлүнүүгө алып келери белгилүү. Анткени азыркы учурда акындык, ырчылык, обончулук жана башкалар ар бири өз алдынча өнүгүп жатат.

Биздин оюбузча, акындык (ыр жаратуу учуру) биринчи ишке ашкан эң негизги касиет болсо, ырчылык (ошол жараткан ырын көз ирмемден кийин бир эле учурда музыкалык аспаптын коштоосунда аткарышы) андан бөлүп кароого мүмкүн болбогон бирден-бир таянычы. Мына ушул эки шыкты, дареметти ширелиштирген, данакерлеген, же айкалыштыруу жөндөмү дээринде бар киши төкмө акынды түшүндүрөт. Албетте, музыкалык аспапты колдонбогон төкмөлөр сейрек болсо да кезигери маалым.

Ал эми жазгыч акындар түздөн-түз ушул төкмө акындыктан көрөңгөлөнгөн, коомдук өсүүнүн жаңы өнүмү болгондуктан, алардын *жазгыч ырчылар* деген аталышта колдонуу бизди ынандырбай тургандыгын айткыбыз келет.

Макалада козголгон маселелер аталган терминдердин купуя маанилерин толук ачууга жетишсиздик кылат. Бул аталыштар атайы арналган илимий изилдөөгө муктаж. Андыктан биз дагы ошол өксүктөргө өз үлүшүбүздү кошууну көздөдүк.

**Адабияттар:**


1. Юдахин К.К. О киргизском термине акын. В кн: Академику В.А.Гордлевскому к его 70-летию. - М., 1953. - С. 325.
2. Ирисов П. Ырчылар чыгармачылыгы. - Б., 2004, 9-б.
3. Абдразаков А., Баймырзаев Б. Замирбек - төкмөлөрдүн өрнөгү /“Заман”, 2002.
4. Акындар чыгармачылыгынын тарыхынын очерктери. – Ф.: Илим, 1988, 30-б.
5. Радлов В. Образцы народной литературы северных тюркских племен. В кн: Энциклопедический феномен эпоса «Манас». - Б., 1995, с. 28.
6. Валиханов Ч.О. О формах казахский поэзии. В кн: Валиханов Ч. Сб. соч. 5ти томах. - Алматы, 1-том, 1984, с. 400.
7. Таштемиров Ж. Токтогул жана акындар поэзиясы. –Ф.: Илим, 1980, 16-17-бб.
8. Артыкбаев К. Айтуучубу, же жаратуучубу? К-те: Артыкбаев К. Чыгармалар жана ойлор. - Ф.: Кыргызстан, 1974. 234-б.